МОН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2025-жылдын 17-февралы, № 77

**Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу**

Онлайн окутуу методу менен кызмат көрсөтүүчү билим берүү уюмдарынын ишин тартипке келтирүү жана системалаштыруу максатында, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесин аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан билим берүү уюмдарынын каражаттарынын чегинде, ошондой эле аларды уюштуруучулардын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.
4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

012540*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 17 февраля 2025 года № 77

**Об утверждении Типового положения об онлайн-образовательной организации профессионального образования Кыргызской Республики**

В целях упорядочения и систематизации деятельности образовательных организаций, предоставляющих услуги методом онлайн-обучения, во исполнение статьи 21 Закона Кыргызской Республики «Об образовании», в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Типовое положение об онлайн-образовательной организации профессионального образования Кыргызской Республики согласно приложению.
2. Установить, что расходы, связанные с реализацией настоящего постановления, осуществляются в пределах средств образовательных организаций независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности, а также за счет средств их учредителей.
3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.
4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

012472*

Тиркеме

## Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо (мындан ары – Типтүү жобо) онлайн окутуу методу менен билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү (башталгыч, орто жана жогорку) кесиптик билим берүү уюмдарынын онлайн билим берүү ишин уюштуруу тартибин аныктайт.

2. Бул Типтүү жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) **окутуунун асинхрондук форматы** – белгилүү бир жерге жана убакытка карабастан маалыматтык системалар жана байланыштын башка каражаттары аркылуу билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн болжолдогон онлайн окутуу форматы;

2) **маалыматтык-коммуникациялык технологиялар** – аппараттык-программалык комплексти жана телекоммуникациялар тармагын колдонуу менен жүзөгө ашырылуучу маалыматтарды издөө, чогултуу, сактоо, пайдалануу, жайылтуу процесстери, методдору;

3) **окутуунун кредиттик технологиясы** – академиялык кредиттерди топтоо менен дисциплиналарды окуп-үйрөнүүнүн ырааттуулугун билим алуучулардын тандоосунун жана өз алдынча пландаштыруусунун негизинде окутуу;

4) **массалык ачык онлайн курс** (мындан ары – МАОК) – электрондук окутуу технологияларын колдонуу менен жана Интернет аркылуу ачык жеткиликтүү болгон массалык интерактивдүү катышуу менен окутуу курсу;

5) **кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму** (мындан ары – онлайн билим берүү уюму) – кесиптик билим берүү программалары боюнча онлайн окутуу билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү билим берүү уюму;

6) **билим берүү порталы** – маалыматтык-телекоммуникациялык тармактын жардамы менен билим берүү процессинин катышуучуларына маалыматтык ресурстарга жана билим берүү мүнөзүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө жетүү үчүн арналган маалыматтык система;

7) **онлайн курс** – Интернет аркылуу, анын ичинде онлайн билим берүү уюмдарында мурда жазылган видео лекцияларды колдонуу менен билимдерди, көндүмдөрдү жана компетенцияларды алууга мүмкүндүк берүүчү окуу программасы;

Приложение

## Типовое положение об онлайн-образовательной организации профессионального образования Кыргызской Республики

### Глава 1. Общие положения

1. Типовое положение об онлайн-образовательной организации профессионального образования Кыргызской Республики (далее – Типовое положение) определяет порядок организации деятельности онлайн-образовательных организаций профессионального (начального, среднего и высшего) образования, предоставляющих образовательные услуги методом онлайн-обучения.

2. В настоящем Типовом положении используются следующие понятия:

1) **асинхронный формат обучения** – формат онлайн-обучения, предполагающий взаимодействие участников образовательного процесса посредством информационных систем и других средств связи независимо от определенного места и времени;

2) **информационно-коммуникационные технологии** – процессы, методы поиска, сбора, хранения, использования, предоставления, распространения информации, осуществляемых с применением аппаратно-программного комплекса и сети телекоммуникаций;

3) **кредитная технология обучения** – обучение на основе выбора и самостоятельного планирования обучающимся последовательности изучения дисциплин с накоплением академических кредитов;

4) **массовый открытый онлайн-курс** (далее – МООК) – обучающий курс с массовым интерактивным участием, применением технологий электронного обучения и открытым доступом через Интернет;

5) **онлайн-образовательная организация профессионального образования** (далее – онлайн-образовательная организация) – образовательная организация, предоставляющая образовательные услуги онлайн-обучения по программам профессионального образования;

6) **образовательный портал** – информационная система, предназначенная для доступа участникам образовательного процесса к информационным ресурсам и услугам образовательного характера посредством информационно-телекоммуникационной сети;

7) **онлайн-курс** – учебная программа, позволяющая получить знания, навыки и компетенции через Интернет, в том числе с

8) **онлайн окутуу** – окутуу методу, анын алкагында билим алуучу белгилүү бир жерге жана убакытка карабастан маалыматтык-коммуникациялык технологиялар аркылуу билим алат;

9) **прокторинг** – бул атайын программаны, веб-камераны жана микрофонду колдонуу менен онлайн режимде тест жана башка экзамендерди тапшыруу учурунда билим алуучулардын иш-аракеттерин контролдоо технологиясы;

10) **окутуунун синхрондуу форматы** – маалыматтык системалардын жана башка байланыш каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын реалдуу убакыт режиминде түз байланышын (стриминг) божомолдогон онлайн окутуу форматы;

11) **окутууну башкаруу системасы** – билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсү менен онлайн окутуунун окуу материалдарынын жана куралдарынын топтомун камтыган окуу курстарын башкаруу үчүн платформа;

12) **билим алуучунун санариптик изи** – окутууну башкаруу системасында жазылган билим берүү ишинин натыйжалары жөнүндө верификацияланган маалыматтардын топтому;

13) **санариптик билим берүү ресурстары** – ар кандай маалыматтык санариптик булактардан алынган, окуу процессинин дидактикалык жана башка методикалык максаттарына жетүүгө багытталган санариптик түрдө берилген маалыматтардын жыйындысы.

## 2-глава. Онлайн билим берүү уюмунун максаты жана милдеттери

3. Онлайн билим берүү уюмунун максаты болуп онлайн окутуу методун колдонуу менен баштапгыч, орто же жогорку кесиптик билим берүү саналат.

4. Онлайн билим берүү уюмунун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) билим алуучулардын турган жерине карабастан онлайн окутуу методу менен билим алуучулардын билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүн түзүү;

2) билим алуучулардын онлайн режимде заманбап санариптик технологияларды колдонуу менен билим берүү программаларын өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүү;

3) сапаттуу үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү;

4) онлайн билим берүү уюмунун педагогикалык, илимий, окуу-көмөкчү, административдик-чарбалык кызматкерлерин даярдоо деңгээлин колдонулуучу технологияларга ылайык камсыз кылуу;

5) билим берүү процессине инновациялык механизмдерди киргизүү, билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу боюнча чараларды ишке ашыруу;



применением ранее записанных видеолекций в онлайн-образовательных организациях;

8) **онлайн-обучение** – метод обучения, в рамках которого обучающийся получает образование посредством информационно-коммуникационных технологий независимо от определенного места и времени;

9) **прокторинг** – это технология контроля действий обучающихся во время прохождения тестов и других экзаменов в онлайн-режиме с применением специальной программы, веб-камеры и микрофона;

10) **синхронный формат обучения** – формат онлайн-обучения, предполагающий прямую связь (стриминг) всех участников образовательного процесса в реальном режиме времени с использованием возможностей информационных систем и других средств связи;

11) **система управления обучением** – платформа для администрирования учебных курсов, включающая комплекс учебных материалов и инструментов онлайн-обучения при взаимодействии всех участников образовательного процесса;

12) **цифровой след обучающегося** – это набор верифицированных данных о результатах образовательной деятельности, зафиксированных в системе управления обучением;

13) **цифровые образовательные ресурсы** – совокупность данных, представленных в цифровом виде, из различных информационных цифровых источников, направленных на достижение дидактических и иных методических целей учебного процесса.

## Глава 2. Цель и задачи онлайн-образовательной организации

3. Целью онлайн-образовательной организации является предоставление начального, среднего или высшего профессионального образования с использованием метода онлайн-обучения.

4. Задачами онлайн-образовательной организации являются:

1) создание образовательной среды, обеспечивающей освоение обучающимися образовательных программ методом онлайн-обучения независимо от места нахождения обучающихся;

2) предоставление обучающимся условий для освоения образовательных программ с использованием современных цифровых технологий в онлайн-режиме;

3) предоставление качественного непрерывного профессионального образования;

4) обеспечение соответствующего применяемым технологиям уровня подготовки педагогических, научных, учебно-

6) билим алуучунун ар тараптуу инсандык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү;

7) инклюзивдүү билим берүү принциптерин кеңейтүү жана колдонуу;

8) билим берүү процессинин катышуучуларынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу.

## 3-глава. Онлайн билим берүү уюмдарына карата онлайн окутуу боюнча талаптар

5. Онлайн окутуу методун колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруучу онлайн билим берүү уюмдарына карата төмөнкү талаптар белгиленет:

1) онлайн окутууну үзгүлтүксүз уюштуруу үчүн маалыматтык-технологиялык инфраструктуранын болушу, анын ичинде туруктуу тармактык туташуунун, сервердик жабдуунун, маалыматтарды сактоо системасынын, киберкоопсуздук системаларынын, Интернет тармагына туташтырууну камсыз кылган коммуникациялык байланыш каналдарынын, билим алуучунун инсандыгын идентификациялоо үчүн аутентификация системаларынын, өздөштүрүүлөрдү табуу системаларынын, онлайн прокторингдин болушу;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим алуучулардын коопсуздугун камсыз кылууга жана жеке маалыматтарын коргоого карата талаптардын негизинде системалардын маалыматтык коопсуздугун жана маалыматтарды коргоону камсыз кылуу;

3) окуу процессин санариптик билим берүү ресурстары менен камсыз кылуу;

4) билим алуучулардын билим берүү порталына жана санариптик билим берүү ресурстарына жетүүсүн камсыз кылуу;

5) билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча санариптик сервистерге: сабактардын электрондук расписаниесине, билим алуучулардын окуудагы жетишкендиктерин академиялык контролдоонун бардык түрлөрүнө, өзүн-өзү баалоо системаларына; электрондук китепканага; электрондук документ жүгүртүүгө толук жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

6) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучуларды онлайн окутуу үчүн шарттарды камсыз кылуу;

7) окуу процессинин сапатын камсыз кылуунун ички системасына ылайык билим берүү кызматтарынын сапатына мониторинг жүргүзүү системасынын болушу.



вспомогательных, административно-хозяйственных работников онлайн-образовательной организации;

5) реализация мер по внедрению инновационных механизмов в образовательный процесс, улучшению образовательной среды;

6) содействие всестороннему личностному развитию обучающегося;

7) расширение и использование принципов инклюзивного образования;

8) обеспечение информационной безопасности участников образовательного процесса.

## Глава 3. Требования к онлайн-образовательным организациям по предоставлению онлайн-обучения

5. К онлайн-образовательным организациям, реализующим образовательные программы с применением метода онлайн-обучения, устанавливаются следующие требования:

1) наличие информационно-технологической инфраструктуры для бесперебойной организации онлайн-обучения, в том числе устойчивого сетевого соединения, серверного оборудования, системы хранения данных, функционирование систем кибербезопасности, коммуникационных каналов связи, обеспечивающих подключение к сети Интернет, систем аутентификации для идентификации личности обучающегося, системы обнаружения заимствований, онлайн-прокторинга;

2) обеспечение информационной безопасности систем и защиты данных на основе требований к обеспечению безопасности и защите персональных данных обучающихся в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

3) обеспечение учебного процесса цифровыми образовательными ресурсами;

4) обеспечение доступа обучающихся к образовательному порталу и цифровым образовательным ресурсам;

5) обеспечение полного доступа к цифровым сервисам по предоставлению образовательных услуг: электронному расписанию учебных занятий, всем видам академического контроля учебных достижений обучающихся, системам самооценивания; электронной библиотеке; электронному документообороту;

6) обеспечение условий для онлайн-обучения обучающихся с особыми образовательными потребностями;

7) наличие системы мониторинга качества образовательных услуг в соответствии с внутренней системой обеспечения качества учебного процесса.

## 4-глава. Онлайн билим берүү уюмунун иш жүргүзүү тартиби

6. Онлайн билим берүү уюму "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, ушул Типтүү жобого ылайык иш жүргүзөт жана онлайн окутуу методу менен кесиптик билим алуу укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

7. Менчигинин формасына карабастан онлайн билим берүү уюмун түзүү, башкаруу, кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын граждандык мыйзамдары, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана билим берүү уюмунун уставы менен жөнгө салынат.

8. Кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда онлайн билим берүү уюму тарабынан билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу жер болуп бул уюмдун юридикалык каттоодон өткөн жери саналат.

9. Онлайн билим берүү уюму билим берүү ишине лицензия алган учурдан тартып кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча билим берүү ишин жүргүзүү укугуна ээ болот. Орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн онлайн билим берүү уюму квалификацияларды ыйгаруу жана билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү укугуна аккредитациядан өткөндөн кийин ээ болот.

10. Онлайн билим берүү уюмдарын лицензиялоо, аккредитациялоо ушул Типтүү жобонун онлайн окутуу боюнча атайын талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын лицензиялоо жана билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

## 5-глава. Онлайн билим берүү уюмунда окуу процессин уюштуруу тартиби

11. Онлайн билим берүү уюмуна билим алуучуларды кабыл алуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

12. Онлайн билим берүү уюму билим берүү программаларын кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги багыттар/адистиктер/кесиптер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде ишке ашырат.

13. Типтүү жобого тиркелген тизмекте көрсөтүлгөн адистиктерди даярдоо багыттарын кошпогондо, онлайн окутуу методун колдонуу менен билим берүү процесси билим берүү уюму тарабынан жүзөгө ашырылат.

14. Баштапгыч кесиптик билим берүү уюмдарында онлайн окутуу методу менен IT-технология жаатындагы кесиптер боюнча билим берүү программаларын ишке ашырууга жол берилет.



## Глава 4. Порядок осуществления деятельности онлайн-образовательной организации

6. Онлайн-образовательная организация осуществляет деятельность в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», настоящим Типовым положением и создает условия для реализации права на получение профессионального образования методом онлайн-обучения.

7. Создание, управление, реорганизация и ликвидация онлайн-образовательной организации независимо от форм собственности регулируется гражданским законодательством Кыргызской Республики, Законом Кыргызской Республики «Об образовании» и уставом образовательной организации.

8. Местом осуществления образовательной деятельности онлайн-образовательной организации при реализации образовательных программ профессионального образования является место юридической регистрации этой организации.

9. Право на ведение образовательной деятельности по реализации программ профессионального образования онлайн-образовательная организация получает с момента получения лицензии на образовательную деятельность. Онлайн-образовательная организация среднего и высшего профессионального образования получает право на присвоение квалификаций и выдачу документов об образовании государственного образца после аккредитации.

10. Лицензирование, аккредитация онлайн-образовательных организаций осуществляются в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере лицензирования и образования, с учетом специальных требований по предоставлению онлайн-обучения настоящего Типового положения.

## Глава 5. Порядок организации учебного процесса в онлайн-образовательной организации

11. Прием обучающихся в онлайн-образовательную организацию осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере образования.

12. Онлайн-образовательная организация реализует образовательные программы на основании государственных образовательных стандартов по направлениям/специальностям/профессиям соответствующего уровня профессионального образования.

13. Образовательный процесс с использованием метода онлайн-обучения осуществляется образовательной организацией за

15. Онлайн окутуунун билим берүү программасы окутуунун асинхрондук жана синхрондук форматтарынын катышын чагылдырат, мында синхрондук сабактардын катышы МАОКту колдонуу менен өздөштүрүү каралган дисциплиналарды кошпогондо, ар бир дисциплинанын жалпы көлөмүнүн 20 %ынан кем эмесин түзүшү керек.

16. Онлайн окутуу онлайн билим берүү уюмунун билим берүү порталы аркылуу жүргүзүлөт, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) окутуу процессин окуу-методикалык жактан камсыздоону башкаруу системасын, анын ичинде курстун элементтеринин камтылган түзүмүн: окутуунун натыйжаларын жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнү текшерүүгө багытталган контролдук тапшырмаларды милдеттүү түрдө көрсөтүү менен дисциплиналар боюнча жумушчу окуу программаларын (силлабустарды), лекцияларды, практикалык, лабораториялык тапшырмаларды, курсту баалоо саясатын, аудио-, видеоконтентти, электрондук документтерди, сүрөттөрдү, медиасервистерге гипершилтемелерди, электрондук китепкананы, МАОК платформасын, билим берүү процессинин катышуучулары менен кайтарым байланыш үчүн жеткиликтүү корпоративдик каналдарды, топтук сабактарды уюштурууну, окутуучу – билим алуучу, билим алуучу – билим алуучу, окутуучу – окутуучу, администрация – билим алуучунун өз ара аракеттенүүлөрүн;

2) билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө маалыматтарды башкаруу системасын: жеке эсептик каттоого кирүү, билим алуучулардын жетишүүсү жана катышуусу, окуу процессинин ачыктыгы, окуу сабактарынын электрондук расписаниеси, окуу дисциплиналарына онлайн каттоо, профессордук-окутуучулук курам жана биргелешип башкаруунун катышуучулары жөнүндө маалыматтар;

3) илимий жана практикалык изилдөөлөрдү башкаруу системасын: изилдөө долбоорлорунун, басылмалардын, илимий иштеп чыгуулардын, илимпоздордун жана изилдөө натыйжаларынын базасы.

17. Онлайн билим берүү уюму төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) билим алуучуларды онлайн билим берүү уюмунун илимий-изилдөө иштерине жана социалдык-маданий турмушуна тартууну;

2) онлайн билим берүү уюмунун билим берүү порталында билим берүү программаларына ылайык санариптик контентти жайгаштырууну;

3) төмөнкү талаптарга жооп берген санариптик контенттин сапатын: толуктугу, ар түрдүүлүгү, педагогикалык дизайндын болушу, мультимедиялуулугу;

4) онлайн окутууну өнүктүрүү боюнча башка билим берүү уюмдары менен өз ара аракеттенүүнү;

5) Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы мыйзамдарын сактоону.



исключением направлений подготовки специальностей, указанных в перечне, приложенный к Типовому положению.

14. В образовательных организациях начального профессионального образования реализация образовательных программ методом онлайн-обучения допускается по профессиям в области IT-технологии.

15. Образовательная программа онлайн-обучения отражает соотношение асинхронного и синхронного форматов обучения, при этом соотношение синхронных занятий должно составлять не менее 20 % от общего объема каждой дисциплины, за исключением дисциплин, освоение которых предусматривается с применением МООК.

16. Онлайн-обучение осуществляется посредством образовательного портала онлайн-образовательной организации, который включает:

1) систему управления учебно-методическим обеспечением процесса обучения, в том числе встроенную структуру элементов курса: рабочие учебные программы по дисциплинам (силлабусы) с обязательным указанием результатов обучения и контрольных заданий, направленных на проверку достижения результатов обучения, лекции, практические, лабораторные задания, политика оценивания курса, аудио-, видеоконтент, электронные документы, изображения, гиперссылки на медиасервисы, электронная библиотека, платформа МООК, доступные корпоративные каналы для обратной связи с участниками образовательного процесса, организация групповых занятий, взаимодействие преподаватель – обучающийся, обучающийся – обучающийся, преподаватель – преподаватель, администрация – обучающийся;

2) систему управления данными об участниках образовательного процесса: доступ к личной учетной записи, успеваемость и посещаемость обучающихся, прозрачность учебного процесса, электронное расписание учебных занятий, онлайн-регистрация на учебные дисциплины, сведения о профессорско-преподавательском составе и участниках соуправления;

3) систему управления научными и практическими исследованиями: база исследовательских проектов, публикаций, научных разработок, ученых и результатов исследований.

17. Онлайн-образовательная организация обеспечивает:

1) вовлечение обучающихся в научно-исследовательскую деятельность и социально-культурную жизнь онлайн-образовательной организации;

2) размещение цифрового контента в соответствии с образовательными программами на образовательном портале онлайн-образовательной организации;

18. Билим алуучуларды кабыл алуудан баштап окууну аяктаганга чейин консультациялык коштоо үчүн онлайн билим берүү уюму төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) өзүнүн функциялык милдеттеринин алкагында онлайн окутууда зарыл компетенцияларга ээ администрациялык-башкаруучу, окутуучу, окуу-көмөкчү жана тейлөөчү персоналдын болушун;

2) жеткиликтүү корпоративдик байланыш каналдарынын болушун;

3) онлайн окутууну уюштуруу боюнча көрсөтмө материалдарды иштеп чыгууну жана пайдаланууну, аларды онлайн билим берүү уюмунун расмий сайтында жарыялоону;

4) окуу процессинде онлайн билим берүү уюмунун санариптик ресурстарынын презентациясы менен билим алуучулар үчүн адаптациялык жумаларды уюштурууну.

19. Билим алуучуларды кабыл алуудан баштап окууну аяктаганга чейин техникалык коштоо үчүн онлайн билим берүү уюму төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) онлайн окутууга тартылган санариптик инфраструктуранын жана санариптик платформалардын, мобилдик тиркемелердин жеткиликтүүлүгүн жана үзгүлтүксүз иштешин;

2) өзүнчө жайда лицензиялык программалык камсыздоо менен онлайн курстардын, электрондук ресурстардын студиялык өндүрүшүн камсыз кылган программалык-аппараттык комплекстин иштешин;

3) онлайн окутууга тартылган санариптик инфраструктуранын жана санариптик платформалардын маалыматтык коопсуздугун.

20. Билим алуучуларды кабыл алуудан баштап окууну аяктаганга чейин методикалык коштоо үчүн онлайн билим берүү уюму төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) заманбап санариптик билим берүү технологияларын колдонууну;

2) онлайн окутууну уюштуруу боюнча методикалык материалдарды иштеп чыгууну;

3) санариптик платформаларда онлайн окутуу дисциплиналары боюнча окуу-методикалык материалдарды жана санариптик билим берүү ресурстарын иштеп чыгууну жана жайгаштырууну.

21. Жеке маалыматтарды чогултуу, сактоо жана пайдалануу онлайн билим берүү уюмунда Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен ички колдонуу үчүн гана жүргүзүлөт. Билим берүү процессинин катышуучуларынын жеке маалыматтарынын купуялуулугу үчүн жоопкерчиликти онлайн билим берүү уюму тартат.

22. Онлайн билим берүү уюму билим алуучулардын жеке маалыматтарын Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан, ата мекендик провайдерлер жана/же онлайн билим берүү уюмунун



3) качество цифрового контента, отвечающего следующим требованиям: полнота, разнообразие, наличие педагогического дизайна, мультимедийность;

4) взаимодействие с другими образовательными организациями по развитию онлайн-обучения;

5) соблюдение законодательства Кыргызской Республики в области защиты персональных данных.

18. Для консультационного сопровождения обучающихся с момента приема до выпуска онлайн-образовательная организация обеспечивает:

1) наличие административно-управленческого, преподавательского, учебно-вспомогательного и обслуживающего персонала, имеющего необходимые компетенции в онлайн-обучении в рамках своих функциональных обязанностей;

2) наличие доступных корпоративных каналов связи;

3) разработка и применение инструктивных материалов по организации онлайн-обучения, их опубликование на официальном сайте онлайн-образовательной организации;

4) организацию адаптационных недель для обучающихся с презентацией цифровых ресурсов онлайн-образовательной организации в процессе обучения.

19. Для технического сопровождения обучающихся с момента приема до выпуска онлайн-образовательная организация обеспечивает:

1) доступность и бесперебойную работу цифровой инфраструктуры и цифровых платформ, мобильных приложений, задействованных в онлайн-обучении;

2) функционирование в отдельном помещении программно-аппаратного комплекса, обеспечивающего студийное производство онлайн-курсов, электронных ресурсов с лицензионным программным обеспечением;

3) информационную безопасность цифровой инфраструктуры и цифровых платформ, задействованных в онлайн-обучении.

20. Для методического сопровождения обучающихся с момента приема до выпуска онлайн-образовательная организация обеспечивает:

1) применение современных цифровых образовательных технологий;

2) разработку методических материалов по организации онлайн-обучения;

3) разработку и размещение учебно-методических материалов и цифровых образовательных ресурсов по дисциплинам онлайн-обучения на цифровых платформах.

21. Сбор, хранение и использование персональных данных производится исключительно для внутреннего пользования в онлайн-

IT-адистери башкарган, тейлеген жана колдогон серверлерде жайгаштырууну камсыз кылат.

23. Онлайн билим берүү уюму билим алуучу менен келишим түзөт, анда билим алуучунун техникалык жактан камсыздалышына карата талаптар, жеке маалыматтарын иштеп чыгууга макулдук берүү жана онлайн платформанын колдонуучулук келишиминин шарттарын кабыл алуу каралган.

24. Билим берүү процессинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана талдоо онлайн билим берүү уюму тарабынан билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын санариптик изин байкоо аркылуу жүргүзүлөт.

25. Онлайн окутууда академиялык чынчылдык принциптерин сактоо менен жазуу жүзүндөгү иштин бардык түрлөрү көчүрүп алуу предметине милдеттүү түрдө текшерилет.

26. Билим алуучулардын жетишүүсүн учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо формасы онлайн билим берүү уюму тарабынан өз алдынча аныкталат. Онлайн режимде жетишүүнү учурдагы контролдоодо жана орто аралык аттестациялоодо онлайн прокторинг технологиясы колдонулат.

27. Тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программасын толук көлөмдө аткарган билим алуучулар жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет. Онлайн билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо прокторинг системасын камсыз кылуу менен күндүзгү же онлайн режимде жүргүзүлөт.

28. Онлайн билим берүү уюму билим алуучулар арасында билим берүү порталынын, билим берүү программаларынын жана (же) дисциплиналардын/модулдардын, санариптик контенттин жана онлайн окутууга тартылган окутуучулардын сапатынын дал келиши боюнча анкета жана (же) сурамжылоо жүргүзөт.

**6-глава. Онлайн билим берүү процессинин катышуучулары**

29. Онлайн билим берүү уюмундагы билим берүү процессинин катышуучулары болуп билим алуучулар, педагогикалык, окуу-көмөкчү жана административдик кызматкерлер, биргелешип башкаруунун катышуучулары саналат.

30. Онлайн билим берүү уюму кабыл алууда тапшыруучуларды онлайн окутуу методун колдонуу менен билим берүү процессин жөнгө салуучу устав жана башка укук белгилөөчү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

31. Билим алуучулардын, педагогикалык кызматкерлердин укуктары жана милдеттери онлайн билим берүү уюмунун уставы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен белгиленет.



образовательной организации с соблюдением требований законодательства Кыргызской Республик в сфере персональных данных. Ответственность за конфиденциальность персональных данных участников образовательного процесса несет онлайн-образовательная организация.

22. Онлайн-образовательная организация обеспечивает размещение персональных данных обучающихся на серверах, размещенных на территории Кыргызской Республики, которые администрируются, обслуживаются и поддерживаются отечественными провайдерами и/или IT-специалистами онлайн-образовательной организации.

23. Онлайн-образовательная организация заключает договор с обучающимся, предусматривающий требования к техническому обеспечению обучающегося, согласие на обработку персональных данных и принятие условий пользовательского соглашения онлайн-платформы.

24. Мониторинг и анализ эффективности образовательного процесса производится онлайн-образовательной организацией путем отслеживания цифрового следа всех участников образовательного процесса.

25. При онлайн-обучении осуществляется обязательная проверка всех видов письменных работ на предмет заимствования с соблюдением принципов академической честности.

26. Форма проведения текущего контроля успеваемости и промежуточной аттестации обучающихся определяется онлайн-образовательной организацией самостоятельно. При проведении текущего контроля успеваемости и промежуточной аттестации в онлайн-режиме применяется технология онлайн-прокторинга.

27. Обучающиеся, выполнившие в полном объеме образовательную программу на уровне требований соответствующего государственного образовательного стандарта, допускаются к итоговой государственной аттестации. Итоговая государственная аттестация выпускников онлайн-образовательной организации проводится очно или в режиме онлайн с обеспечением системы прокторинга.

28. Онлайн-образовательная организация проводит анкетирование и (или) опрос среди обучающихся на предмет соответствия качества образовательного портала, образовательных программ и (или) дисциплин/модулей, цифрового контента и преподавателей, привлеченных к онлайн-обучению.

32. Онлайн билим берүү уюмунда окутууга онлайн окутуу боюнча компетенцияга, методикага жана технологияларга ээ болгон педагогикалык кызматкерлерге уруксат берилет.

## 7-глава. Онлайн билим берүү уюмун башкаруу

33. Онлайн билим берүү уюмун башкаруу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ушул Типтүү жобого жана онлайн билим берүү уюмунун уставына ылайык жүргүзүлөт.

34. Онлайн билим берүү уюмун түздөн-түз жетектөөнү жетекчи ишке ашырат, аны кызмат ордуна дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

35. Педагогикалык жана башка кызматкерлерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык онлайн билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан жүзөгө ашырылат.

36. Онлайн билим берүү уюмунда биргелешип башкаруунун формалары болуп педагогикалык жана илимий кеңештер, көзөмөлчүлүк кеңеши, ата-энелер комитети жана башка кеңештер саналат.

37. Онлайн билим берүү уюмунда биргелешип башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык онлайн билим берүү уюмунун уставында аныкталат.

## 8-глава. Онлайн билим берүү уюмун каржылоо

38. Онлайн билим берүү уюмун каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;

2) билим берүү уюмдарынын уюштуруучуларынын каражаттары, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын ыктыярдуу төгүмдөрү;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжасында жана башка иш-аракеттерден алынган онлайн билим берүү уюмунун өздүк каражаттары;

4) депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер;

5) кредиттер жана гранттар;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.



## Глава 6. Участники онлайн-образовательного процесса

29. Участниками образовательного процесса в онлайн-образовательной организации являются обучающиеся, педагогические, учебно-вспомогательные и административные работники, участники соуправления.

30. Онлайн-образовательная организация при приеме обязана ознакомить поступающих с уставом и другими правоустанавливающими документами, регламентирующими образовательный процесс с применением метода онлайн-обучения.

31. Права и обязанности обучающихся, педагогических работников устанавливаются уставом онлайн-образовательной организации и законодательством Кыргызской Республики в сфере образования.

32. К преподаванию в онлайн-образовательной организации допускаются педагогические работники, обладающие компетенциями, методиками и технологиями онлайн-обучения.

## Глава 7. Управление онлайн-образовательной организацией

33. Управление онлайн-образовательной организацией осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере образования, настоящим Типовым положением и уставом онлайн-образовательной организации.

34. Непосредственное руководство онлайн-образовательной организацией осуществляет руководитель, назначение на должность и освобождение от должности которого осуществляется в соответствии с законодательством Крыгызской Республики в сфере образования.

35. Назначение на должности и освобождение от должностей педагогических и других работников осуществляет руководитель онлайн-образовательной организации в соответствии с трудовым законодательством Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики в сфере образования.

36. Формами соуправления в онлайн-образовательной организации являются педагогический и научные советы, попечительский совет, родительский комитет и другие советы.

37. Порядок проведения выборов органов соуправления в онлайн-образовательной организации и их полномочия определяются уставом онлайн-образовательной организации в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере образования.

39. Онлайн билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына ылайык банктык жана кредиттик уюмдарда валюталык эсептерге ээ болушу мүмкүн.

40. Акы төлөнүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык онлайн билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан бекитилет.

**9-глава. Эл аралык кызматташтык**

41. Онлайн билим берүү уюму чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар, мекемелер менен түз байланыш түзүүгө укуктуу.



**Глава 8. Финансирование онлайн-образовательной образовании**

38. Источниками финансирования онлайн-образовательной организации являются:

1) республиканский и местный бюджеты;

2) средства учредителей образовательных организаций, а также добровольные взносы физических и юридических лиц, иностранных государств, международных организаций;

3) собственные средства онлайн-образовательной организации, полученные в результате оказания платных образовательных услуг и иной деятельности, не запрещенной законодательством Кыргызской Республики;

4) доходы от депозитных вкладов;

5) кредиты и гранты;

6) другие источники, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики.

39. Онлайн-образовательные организации могут иметь валютные счета в банковских и кредитных учреждениях в соответствии с банковским законодательством Кыргызской Республики.

40. Стоимость платных образовательных услуг утверждается руководителем онлайн-образовательной организации в соответствии с законодательством в сфере образования.

**Глава 9. Международное сотрудничество**

41. Онлайн-образовательная организация имеет право устанавливать прямые связи с зарубежными и международными организациями и учреждениями.

Кыргыз Республикасынын
кесиптик билим берүүнүн
онлайн билим берүү уюму
жөнүндө типтүү жобого
тиркеме

**Онлайн-окутуу методун колдонуу менен
билим алууга жол берилбеген орто жана жогорку кесиптик билим
берүү адистиктеринин жана даярдоо багыттарынын
тизмеги**

1. Орто кесиптик билим берүү адистиктери:

| № | Коду | Даярдоо адистиктеринин аталышы |
|---|---|---|
| | **060000. Саламаттык сактоо жана медициналык илимдер** | |
| 1 | 060101 | Дарылоо иши |
| 2 | 060102 | Акушердик иш |
| 3 | 060104 | Медициналык-профилактикалык иш |
| 4 | 060106 | Ортопедиялык стоматология |
| 5 | 060107 | Профилактикалык стоматология |
| 6 | 060108 | Фармация |
| 7 | 060109 | Медайымдык иш |
| 8 | 060110 | Лабораториялык диагностика |
| 9 | 060111 | Медициналык оптика |
| 10 | 060112 | Медициналык массаж |
| 11 | 060113 | Физикалык терапия |
| | **070000. Маданият жана искусство** | |
| 12 | 070102 | Аспаптык аткаруучулук (аспаптардын түрлөрү боюнча) |
| 13 | 070104 | Вокалдык искусство |
| 14 | 070106 | Хор дирижерлугу |

Приложение
к Типовому положению
об онлайн-образовательной
организации
профессионального
образования
Кыргызской Республики

**Перечень
специальностей и направлений подготовки среднего и
высшего профессионального образования, получение которых
с применением метода онлайн-обучения не допускается**

1. Специальности среднего профессионального образования:

| № | Код | Наименование подготовки специальностей |
|---|---|---|
| | **060000. Здравоохранение и медицинские науки** | |
| 1 | 060101 | Лечебное дело |
| 2 | 060102 | Акушерское дело |
| 3 | 060104 | Медико-профилактическое дело |
| 4 | 060106 | Стоматология ортопедическая |
| 5 | 060107 | Стоматология профилактическая |
| 6 | 060108 | Фармация |
| 7 | 060109 | Сестринское дело |
| 8 | 060110 | Лабораторная диагностика |
| 9 | 060111 | Медицинская оптика |
| 10 | 060112 | Медицинский массаж |
| 11 | 060113 | Физическая терапия |
| | **070000. Культура и искусство** | |
| 12 | 070102 | Инструментальное исполнительство (по видам инструментов) |
| 13 | 070104 | Вокальное искусство |
| 14 | 070106 | Хоровое дирижирование |
| 15 | 070109 | Музыкальное искусство эстрады (по видам) |
| 16 | 070113 | Теория музыки |
| 17 | 070114 | Сольное и хоровое народное пение |
| 18 | 070115 | Музыкальное звукооператорское мастерство |

| | | |
|---|---|---|
| 15 | 070109 | Эстрада музыкалык искусствосу (түрлөрү боюнча) |
| 16 | 070113 | Музыканын теориясы |
| 17 | 070114 | Соло жана хор элдик ырдоо |
| 18 | 070115 | Музыкалык үн оператору чеберчилиги |
| 19 | 070201 | Актердук искусство |
| 20 | 070202 | Цирк искусствосу |
| 21 | 070203 | Дүйнөлүк көркөм маданият |
| 22 | 070206 | Театралдык-декорациялык искусство |
| 23 | 070301 | Балет искусствосу |
| 24 | 070302 | Хореография искусствосу |
| 25 | 070501 | Реставрация |
| 26 | 070802 | Декоративдик-колдонмо искусство жана элдик кол өнөрчүлүк (түрлөрү боюнча) |
| 27 | 070903 | Скульптура |
| 28 | 070907 | Живопись |
| 29 | 071402 | Социалдык-маданий ишмердүүлүк жана элдик көркөм чыгармачылык (түрлөрү боюнча) |

2. Бүтүрүүчүгө "бакалавр" жана "магистр" квалификациясын ыйгаруу менен ырасталган жогорку кесиптик билим берүүнүн даярдоо багыттары:

| № | Коду | Бакалавр, магистр даярдоо багыттарынын аталышы |
|---|---|---|
| | | **560000. Саламаттык сактоо** |
| 30 | 560100 | Коомдук саламаттык сактоо |
| | | **570000. Маданият жана искусство** |
| 31 | 570100 | Искусствонун тарыхы жана теориясы |
| 32 | 570200 | Музыка искусствосу |



| | | |
|---|---|---|
| 19 | 070201 | Актерское искусство |
| 20 | 070202 | Цирковое искусство |
| 21 | 070203 | Мировая художественная культура |
| 22 | 070206 | Театрально-декорационное искусство |
| 23 | 070301 | Искусство балета |
| 24 | 070302 | Хореографическое искусство |
| 25 | 070501 | Реставрация |
| 26 | 070802 | Декоративно-прикладное искусство и народные промыслы (по видам) |
| 27 | 070903 | Скульптура |
| 28 | 070907 | Живопись |
| 29 | 071402 | Социально-культурная деятельность и народное художественное творчество (по видам) |

2. Направления подготовки высшего профессионального образования, подтверждаемого присвоением выпускнику квалификации «бакалавр» и «магистр»:

| № | Код | Наименование направления подготовки бакалавров, магистров |
|---|---|---|
| | | **560000. Здравоохранение** |
| 30 | 560100 | Общественное здравоохранение |
| | | **570000. Культура и искусство** |
| 31 | 570100 | История и теория искусств |
| 32 | 570200 | Музыкальное искусство |
| 33 | 570300 | Театральное искусство |
| 34 | 570500 | Изобразительное искусство |
| 35 | 570900 | Реставрация |
| 36 | 571000 | Народная художественная культура |
| 37 | 571100 | Телевидение |
| | | **770000. Военное образование** |
| 38 | 770100 | Командная тактическая мотострелковых войск |

3. Направления подготовки высшего профессионального образования, подтверждаемого присвоением выпускнику квалификации «специалист»:

| | | |
|---|---|---|
| 33 | 570300 | Театр искусствосу |
| 34 | 570500 | Көркөм сүрөт искусствосу |
| 35 | 570900 | Реставрация |
| 36 | 571000 | Элдик көркөм маданият |
| 37 | 571100 | Телекөрсөтүү |
| | **770000. Аскердик билим берүү** | |
| 38 | 770100 | Командалык тактикалык мотоаткычтар аскерлери |

3. Бүтүрүүчүгө "адис" квалификациясын ыйгаруу менен ырасталган жогорку кесиптик билим берүүнүн даярдоо багыттары:

| № | Коду | Адистиктин аталышы |
|---|---|---|
| | **560000. Саламаттык сактоо** | |
| 39 | 560001 | Дарылоо иши |
| 40 | 560002 | Педиатрия |
| 41 | 560003 | Медициналык-профилактикалык иш |
| 42 | 560004 | Стоматология |
| 43 | 560005 | Фармация |
| 44 | 560006 | Медайымдык иш |
| | **570000. Маданият жана искусство** | |
| 45 | 570001 | Искусство таануу |
| 46 | 570002 | Театр таануу |
| 47 | 570003 | Хореография искусствосунун тарыхы жана теориясы |
| 48 | 570004 | Музыка таануу |
| 49 | 570005 | Кино таануу |
| 50 | 570006 | Кино операторлук |
| 51 | 570007 | Көркөм сүрөт искусствосунун тарыхы жана теориясы |
| 52 | 570008 | Аспаптык аткаруучулук (аспаптардын түрлөрү боюнча) |
| 53 | 570009 | Вокалдык искусство (вокалдык искусствонун түрлөрү боюнча) |
| 54 | 570010 | Дирижерлук (аткаруучу коллективдердин түрлөрү боюнча) |
| 55 | 570011 | Композиция |
| 56 | 570012 | Эстрада музыкалык искусствосу (түрлөрү боюнча) |
| 57 | 570013 | Үн режиссурасы (колдонуу чөйрөсү боюнча) |
| 58 | 570014 | Актердук искусство |
| 59 | 570015 | Режиссура (колдонуу чөйрөсү боюнча) |
| 60 | 570016 | Театралдык-декорациялык искусство |



| № | Код | Наименование специальностей |
|---|---|---|
| | **560000. Здравоохранение** | |
| 39 | 560001 | Лечебное дело |
| 40 | 560002 | Педиатрия |
| 41 | 560003 | Медико-профилактическое дело |
| 42 | 560004 | Стоматология |
| 43 | 560005 | Фармация |
| 44 | 560006 | Сестринское дело |
| | **570000. Культура и искусство** | |
| 45 | 570001 | Искусствоведение |
| 46 | 570002 | Театроведение |
| 47 | 570003 | История и теория хореографического искусства |
| 48 | 570004 | Музыковедение |
| 49 | 570005 | Киноведение |
| 50 | 570006 | Кинооператорство |
| 51 | 570007 | История и теория изобразительного искусства |
| 52 | 570008 | Инструментальное исполнительство (по видам инструментов) |
| 53 | 570009 | Вокальное искусство (по видам вокального искусства) |
| 54 | 570010 | Дирижирование (по видам исполнительских коллективов) |
| 55 | 570011 | Композиция |
| 56 | 570012 | Музыкальное искусство эстрады (по видам) |
| 57 | 570013 | Звукорежиссура (по областям применения) |
| 58 | 570014 | Актерское искусство |
| 59 | 570015 | Режиссура (по областям применения) |
| 60 | 570016 | Театрально-декорационное искусство |
| 61 | 570017 | Хореографическое искусство |
| 62 | 570018 | Режиссура хореографа |
| 63 | 570019 | Педагогика хореографии |
| 64 | 570020 | Дизайн |
| 65 | 570021 | Интерьеры и оборудование |
| 66 | 570023 | Монументально-декоративное искусство |
| 67 | 570022 | Декоративно-прикладное искусство и народные промыслы |
| 68 | 570024 | Живопись |
| 69 | 570025 | Графика |
| 70 | 570026 | Скульптура |
| 71 | 570027 | Литературное творчество |
| 72 | 570028 | Народное художественное творчество |
| 73 | 570029 | Социально-культурная деятельность |

| | | |
|---|---|---|
| 61 | 570017 | Хореография искусствосу |
| 62 | 570018 | Хореограф режиссурасы |
| 63 | 570019 | Хореография педагогикасы |
| 64 | 570020 | Дизайн |
| 65 | 570021 | Интерьер жана жабдуулар |
| 66 | 570023 | Монументалдык-декоративдик искусство |
| 67 | 570022 | Декоративдик-колдонмо искусство жана элдик кол өнөрчүлүк |
| 68 | 570024 | Живопись |
| 69 | 570025 | Графика |
| 70 | 570026 | Скульптура |
| 71 | 570027 | Адабий чыгармачылык |
| 72 | 570028 | Элдик көркөм чыгармачылык |
| 73 | 570029 | Социалдык-маданий ишмердүүлүк |